# ММ Кызмат

МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК

КАДРЛАР БААРЫН ЧЕЧЕТ!

№ 27 (585) 22-июль, 2025-ж. МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАСЫЛМАСЫ


## ШОПОКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ УЛУК ЖАНА КЕНЖЕ КЫЗМАТ ТОБУНА КАДРЛАР РЕЗЕРВИНЕ КИРГИЗҮҮ ҮЧҮН АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ




9-11-беттерде

## ЧОЛПОН-АТАДА ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР УЮМУНА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН ЖОЛУГУШУУСУ БОЛДУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин демилгеси менен Чолпон-Ата шаарындагы мамлекеттик резиденцияда Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө өлкөлөрдүн адам ресурстарын өнүктүрүүгө жооптуу мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин IV-жолугушуусу болуп өттү.



3-бетте



## БАЙЫШБЕК АСТАНАКУЛОВ ТАЛАС РАЙОНУНУН АКИМИ

Астанакулов Байышбек Кахроманович Талас районунун акими болуп дайындалды. Тиешелүү буйрукка Президент Садыр Жапаров кол койду. Ал 1988-жылы 13-мартта Баткен облусунун Кадамжай районундагы Жал айылында туулган. Ош технологиялык университетинен «финансист» жана Жалал-Абад Эл аралык университетинен «юриспруденция» адистигин алган. Ошондой эле КР Президентине караштуу Башкаруу академиясында «Мамлекеттик башкаруу» адистиги боюнча магистратурада окуган.

Анкара шаарынан (Түркия) Европадагы сот системасы боюнча сертификатка ээ болгон. 2010-2011-жж. Жалал-Абаддагы "Билим Ордо" билим берүү борборунун директору, 2012-ж. Ош облусунун юстиция башкармалыгында стажер, 2013-2017-жж. Жалал-Абад шаардык сотунда сот отурумунун катчысы, судьянын жардамчысы, 2017-ж. Ош шаардык кеңешинде башкы юридикалык адис, 2019-2021-жж. Айдаркен шаарынын мэри, 2021- 2024-жж. Тоң районунун акими болгон. 2024-жылдын августунан баштап Талас шаарынын мэри кызматын аркалап келген. Астанакулов региондук кадрлардын резервинде турат. Үй-бүлөлүү, 3 баласы бар.



## МУХТАРБЕК БАЙМУРЗАЕВ АГАРТУУ МИНИСТРИНИН ОРУН БАСАРЫ

Баймурзаев Мухтарбек Арапбаевич Агартуу министринин биринчи орун басары болуп дайындалды. Тиешелүү буйрукка Министрлер Кабинетинин башчысы Адылбек Касымалиев кол койду.

Буга Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаеванын сунушу негиз болду.

Баймурзаев буга чейинки Билим берүү жана илим министри кызматынан бошотулган. 2025-жылдын май айында Билим берүү жана илим министрлиги Агартуу министрлиги жана Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги болуп экиге бөлүнгөн.

М.Баймурзаев 1983-жылы 24-январда төрөлгөн, 42 жашта.

## ТАЛАСТА МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТЫН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА КЕҢЕШМЕ ӨТТҮ

Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Кудайберген Базарбаевдин тапшырмасынын негизинде Талас облусунун Айтматов жана Бакай-Ата райондорунда кеңейтилген кеңешме өткөрүлдү.

Кеңешмеге айыл өкмөт башчылары, министрлик жана ведомстволук түзүмдөрдүн жетекчилери катышты. Иш-чаранын негизги максаты — мамлекеттик кызматтын сапатын жогорулатуу, кызматтык этика, жарандар менен эффективдүү коммуникация жана мамлекеттик кызматчылардын ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө.

Кеңешменин жүрүшүндө мамлекеттик агенттиктин бөлүм башчылары тарабынан мамлекеттик кызматтын жүрүм-турум кодекси, кесиптик морал, стресске туруктуулук жана командалык кызматташуунун мааниси тууралуу кеңири түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ошондой эле жаңы дайындалган акимдерге жана айыл өкмөт башчыларына мамлекеттик кызматтагы жогорку жоопкерчилик жана жамаат менен болгон иштешүүнүн принциптери белгиленип, аларга практикалык сунуштар берилди.



## БАКЫТБЕК ШЕРИМБЕКОВ БИШКЕК МЭРИЯСЫНДАГЫ КЫЗМАТЫНАН БОШОТУЛДУ

Бакытбек Шеримбеков Бишкек мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы кызматынан бошотулду. Мындай буйрукка мэр Айбек Жунушалиев кол койгонун борбор калаанын муниципалитетинин басма сөз кызматы билдирди.

Мындан мурда УКМК анын кармалганын жана тергөө абагында экенин билдирген. Атайын кызматтын маалыматы боюнча, чиновник коррупцияга шектелүүдө.



## СУДЬЯ УЛУКБЕК КАЛЫБЕКОВДИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУЛДУ

Чүй облустук сотунун судьясы Калыбеков Улукбек Жолдошовичтин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулду. Тийиштүү Жарлыкка Президент Садыр Жапаров кол койду.

Калыбеков соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргендигине байланыштуу жергиликтүү соттун судьялык кызматынан бошотулду.

Калыбеков сот тармагындагы эмгек жолун 2007-жылы баштап, 2022-жылдын 30-апрелинде Чүй облустук сотуна которулган. 2024-жылдын 2-июлунда Калыбеков, анын кесиптеши Тилек Абдырашитов жана сот катчысы 6000 доллар пара талап кылып жаткан жеринен УКМК тарабынан кармалган. Кармоо учурунда Калыбеков унаага отуруп качууга аракет кылып, кырсыкка кабылып, УКМКнын кызматкерлеринин бирин сүзүп алган.



## ДОГДУРКҮЛ КЕНДИРБАЕВА: ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЖАНА ЖОЖДОРДУН МУГАЛИМДЕРИ МЕКТЕПТЕРГЕ КЕТИШИ МҮМКҮН

Бул тууралуу Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева билдирди. "Жакында бүтүргүүчү мугалимдер менен жолугуштум, 80%ы мектептерге жумушка орношту. Мени бул нерсе ойлондурат: 2025-жылдын октябрынан 2026-жылдын апрелине чейин мугалимдердин айлыгы көтөрүлөт. ЖОЖдордун мугалимдери мектептерге барышы мүмкүн. Буга чейин академиктер Илимдер академиясынын жана ЖОЖдордун мугалимдери мектептерге кетип жатканын айтышкан. Президент айткан так сумма бар, бирок аны азырынча айтпай эле коёюн", - деди министр. "Быйыл ЖРТ боюнча педагогикалык окуу жайларга кабыл алууда босого балл 130 баллга чейин көтөрүлдү", - деп кошумчалады Кендирбаева.



## МИРЛАН КАМЧЫБЕКОВ АК-ТАЛАА РАЙОНУНУН АКИМИ БОЛУП ДАЙЫНДАЛДЫ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кол койгон тескемеге ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна, 71-беренесине, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык Камчыбеков Мирлан Мамырбекович Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Ак-Талаа районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким болуп дайындалды.

Мирлан Камчыбеков өткөн 2024-жылдын аягында Ала-Бука районунун Айры-Там айыл өкмөтүнүн башчысы кызматына дайындалган болчу. Ал 1978-жылы 3-августта төрөлгөн, 46 жашта.



## ТАЛГАТ БЕКБОЕВ БИШКЕК МЭРИЯСЫНЫН БАШКАРМАЛЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ

Талгат Бекбоев Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы болуп дайындалды.

Мэриянын басма соз кызматы билдиргендей, мындай буйрукка мэр Айбек Жунушалиев кол койду.

Буга чейин бул кызматты Бакыт Шеримбеков аркалап келген, ал эми Бекбоев Жерди пайдаланууну көзөмөлдөө башкармалыгынын башчысынын орун басары болуп иштеген.



## ТАРИЭЛ АЙТИЕВ БИШКЕКТИН ЛЕНИН РАЙОНУНУН ЖАҢЫ АКИМИ

Айтиев Тариэл Жолдошбекович Бишкек шаарынын Ленин районунун акими болуп дайындалды.

Мэриянын басма сөз кызматы билдиргендей, мындай буйрукка мэр Айбек Жунушалиев кол койду.

Буга чейин бул кызматты Жыргалбек Шакиев ээлеп келген, ал эми Тариэл Айтиев Бишкек шаарынын Октябрь районунун акиминин орун басары болгон. Айтиев андан мурда Бишкек шаарынын Октябрь райондук администрациясынын аппарат жетекчиси кызматын аркалап келген.



## ТАЛАЙБЕК БАЙГАЗИЕВ КЫЗМАТЫНАН КЕТТИ

Талайбек Байгазиев Бишкек шаарынын мэринин орун басары кызматынан бошотулду.

Бишкек шаарынын мэри Айбек Жунушалиевдин буйругуна ылайык, анын ээлеген кызматы жоюлду. Бишкек шаарынын мэринин орун басарынын отун-энергетикалык комплекси жана транспорт блогу боюнча функцияларын аткаруу жана ишин координациялоо Отун-энергетика комплекси департаментинин директору Нургазы Курманбековго жүктөлдү.

Белгилей кетсек, Т.Байгазиев ТЭЦти модернизациялоо долбоору үчүн чет элдик компаниядан акча талап кылган деген шек менен УКМК тарабынан кармалган.


**«ММ кызмат»**

**Тел.: +996 (312) 62-16-26**
**mmkyzmat@gmail.com**
**mmkyzmat@mail.ru**

ГЕЗИТ ЭЭСИ:
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жана редакциянын эмгек жамааты

Башкы редактор
**Надыр Момунов**

Башкы редактордун орун басары, жооптуу катчы
**Дайырбек Мейманов**

Кабарчылар:
**Рысбай Сагынов**
**Мамат Сабыров**

Корректор
**Гүлназ Нурмаханова**

Верстка
**Регина Мейманбекова**

Менеджер
**Татьяна Ибраимова**
**тел./факс: +996 (312) 62-16-36,**
**+996 (558) 508268**

**Келишимдер жана реквизиттер үчүн:**
tatianashukurbekovna@gmail. com

**«ММ кызмат» гезити**
2013-жылы 7-июнда негизделген

ИНН 01210201310016
БИК 135001
ОАО «Айыл банк»,
Бишкек ш., Биринчи май району,
р/с 1350100026248533

Катталуу күбөлүгү № 1941

"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Заказ № 909. Нускасы 1270

*Жарнамалардын стилистикасы жана грамматикасы өзгөртүүсүз берилет.*

**Биздин дарек:**
720040, Бишкек шаары,
Чүй проспектиси, 122




# ЧОЛПОН-АТАДА ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕР УЮМУНА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨРДҮН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН ЖОЛУГУШУУСУ БОЛДУ

Бул иш-чара түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтыгын чыңдоого, кадрдык саясатты өнүктүрүүгө жана адам ресурстарын башкаруу жаатында биргелешкен аракеттерди координациялоого багытталган маанилүү эл аралык аянтча катары белгиленди.

Жолугушууга Түрк мамлекеттер уюмунун башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев катышып, бул жолугушуунун түрк дүйнөсүнүн адам капиталын өнүктүрүүдөгү ролу жана келечеги тууралуу өзүнүн ойлору менен бөлүштү.

Жыйынга Кыргыз Республикасынын атынан Агенттиктин директору Кудайберген Базарбаев төрагалык кылып, расмий ачылыш аземинде куттуктоо сөзүн сүйлөдү.

Ал өз сөзүндө: "Адам капиталы – бул кайсы бир улуттун гана эмес, жалпы түрк дүйнөсүнүн өнүгүүсүнүн негизи. Бул ресурсту туура башкаруу, татыктуу өнүктүрүү – биздин келечегибиздин сапатын аныктайт. Түрк мамлекеттер уюму – бул биздин маданий, тилдик жана тарыхый байланышыбызга негизделген ынтымактын үлгүсү. Түрк дүйнөсүнүн тамыры тереңде, ал эми келечеги кең. Биздин кызматташтыгыбыз саясий декларациялар менен гана чектелбестен, турмуштук практикага айланып баратат. Бул биз үчүн сыймык",- деп белгиледи.

Иш-чарага түрк мамлекеттеринин тийиштүү мамлекеттик органдарынын жана ведомстволорунун жогорку өкүлдөрү катышты.




Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын Башкы катчылыгынын персонал боюнча башкы директору жана принциптер боюнча жетекчиси Билал Шентүрк;

Азербайжан Республикасынын Мамлекеттик экзамен борборунун төрага орун басары Бахром Халилов;

Өзбекстан Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик саясат жана башкаруу академиясынын ректору Жасур Салихов;

Казакстан Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын проректору Бекиш Улан;

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын ректору Калчакеева Айгүл Муратовна катышты.

Жолугушууда төмөнкү негизги темалар кеңири талкууланды:

Түрк тилдүү өлкөлөрдө мамлекеттик кадр системасын өнүктүрүү жана реформалоо;

Заманбап кадрдык саясаттын артыкчылыктары жана жаңы моделдери;

Санариптик технологияларды мамлекеттик башкаруу жана кадрлар системасына интеграциялоо;

Мамлекеттик кызматкерлерди окутуу, кайра даярдоо жана үзгүлтүксүз өнүктүрүү;

Тажрыйба жана мыкты практикалар менен алмашуу;

Академиялык жана илимий мекемелер менен стратегиялык кызматташтыкты тереңдетүү.

Жыйындын жыйынтыгында тараптар түрк мамлекеттеринин ортосундагы кызматташуунун жаңы деңгээлге көтөрүү, кадрлар резервин түзүү жана өнүктүрүү, биргелешкен билим берүү программаларын жана долбоорлорун ишке ашыруу боюнча макулдашууга жетишишти.

Бул жолугушуу түрк мамлекеттеринин адам ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү өз ара байланыштарын чыңдоого, регионалдык интеграцияны тереңдетүүгө жана кызматташуунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган стратегиялык кадам болуп саналат.

# МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК КЫЗМАТ ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМГА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗИЛДИ

Президент Садыр Жапаров “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамга өзгөртүү киргизүү тууралуу мыйзамга кол койду.

Бул мыйзам менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кабыл алууда билимге карата талаптар өзгөртүлөт. Мамлекеттик кызматтын кенже кызматтары үчүн эми жогорку билим милдеттүү болуп саналат. Бул кызмат орундарында муниципалдык кызматкерлер үчүн атайын билим берүү каралган учурлардан тышкары, жогорку же орто кесиптик билимге жол берилет. Улук, башкы жана жогорку кызматтар үчүн жогорку билим милдеттүү болуп саналат.

Санарип сабаттуулугу боюнча талап толукталды. Эгерде бул мыйзамда каралса, кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон өлчөмдө милдеттүү болуп калат.

Ошондой эле, өзгөртүүлөргө ылайык, кадрдык резервди түзүүнүн тартиби жаңыланды. Ал кенже кызмат орундары үчүн президент аныктаган тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт. Улук жана башкы кызмат орундары үчүн - ар бир мамлекеттик орган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан өз алдынча каралат.

## Резерв

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча адиси бош вакантттык орун пайда болгондуктан жана ички резерв жок болгондуктан ачык конкурс жарыяланат

**Кызыл-Суу айыл өкмөтү кадрлар резервине киргизүүгө**

### АЧЫК КОНКУРС ЖАРЫЯЛАЙТ:

Кадрлар резерви - муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлерден турат.

Кадрлар резервинин максаты - административдик мамлекеттик кызмат орундарына квалификациялуу кадрларды тартуу.

**Талапкерлерге коюлган квалификациялык талаптар:**

**Кенже кызмат орду (К-Б):**

**Кирешелер боюнча адиси**

**Кесиптик билимдин деңгээли:**
- жогорку же атайын орто кесиптик билим (эсептөө техникасы жана информатикалык технологиялар, айыл чарбасы, экономика жана башкаруу, гуманитардык);

**Стажы жана тажрыйбасы:**
- талап кылынбайт.

**Сынакка катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтерди тапшыруу керек**: Конкурстук комиссиянын төрагасынын атына жазылган жеке арыз, резюме (электрондук почтаны көрсөтүү менен), өздүк таржымал (сottуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен), нотариустан күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин (бар болсо) ырастаган документеринин көчүрмөлөрү, нотариустан күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү, кадрлар боюнча өздүк баракча сүрөтү менен, илимий даражаны жана наамды (бар болсо) ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү, паспорттун көчүрмөсү.

Белгиленген талаптарга туура келбеген документтерди жана маалыматтарды тапшырган жаранды сынакка катыштырууга жол берилбейт. Сынакка катышуу үчүн керектүү документтерди жарыя чыккан күндөн тартып 10 жумушчу күн ичинде төмөнкү дарек боюнча тапшыруу керек: Жети-Өгүз району, Кызыл-Суу айылы, Манас-194 дареги 2-кабат, кадрлар бөлүмү.

**Документтерди тапшыруу мөөнөтү:**
2025-жылдын 22-июлдан 4-августка чейин.

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алуулар, инвестиция тартуу жана жаштар маселеси боюнча жетектөөчү адиси бош вакантттык орун пайда болгондуктан жана ички резерв жок болгондуктан ачык конкурс жарыяланат

**Кызыл-Суу айыл өкмөтү кадрлар резервине киргизүүгө**

### АЧЫК КОНКУРС ЖАРЫЯЛАЙТ:

Кадрлар резерви - муниципалдык кызматтын кенже административдик кызмат орундарына талапкерлерден турат.

Кадрлар резервинин максаты - административдик мамлекеттик кызмат орундарына квалификациялуу кадрларды тартуу.

**Талапкерлерге коюлган квалификациялык талаптар:**

**Кенже кызмат орду (К-А):**

**Кесиптик билимдин деңгээли:**
- жогорку же атайын орто кесиптик билим (эсептөө техникасы жана информатикалык технологиялар, айыл чарбасы, экономика жана башкаруу, гуманитардык);

**Стажы жана тажрыйбасы:**
- талап кылынбайт.

**Сынакка катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтерди тапшыруу керек:** Конкурстук комиссиянын төрагасынын атына жазылган жеке арыз, резюме (электрондук почтаны көрсөтүү менен), өздүк таржымал (соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен), нотариустан күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин (бар болсо) ырастаган документеринин көчүрмөлөрү, нотариустан күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү, кадрлар боюнча өздүк баракча сүрөтү менен, илимий даражаны жана наамды (бар болсо) ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү, паспорттун көчүрмөсү.

Белгиленген талаптарга туура келбеген документтерди жана маалыматтарды тапшырган жаранды сынакка катыштырууга жол берилбейт. Сынакка катышуу үчүн керектүү документтерди жарыя чыккан күндөн тартып 10 жумушчу күн ичинде төмөнкү дарек боюнча тапшыруу керек: Жети-Өгүз району, Кызыл-Суу айылы, Манас-194 дареги 2-кабат, кадрлар бөлүмү.

**Документтерди тапшыруу мөөнөтү:**
2025-жылдын 22-июлдан 4-августка чейин.

Ысык-Ата районунун Нурманбет айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматкерлеринин

# КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ТАЛАПТАРЫ

Квалификациялык талаптар Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-апрелиндеги №189 «Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 21-февралындагы №35 буйругунун негизинде иштелип чыккан.

**Муниципалдык административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптарынын жалпы жобосу:**

- Кыргыз Республикасынын жараны болууга;
- Соттулугу жок;
- 18 жаштан жаш болбоого.

**Башкы топтогу административдик муниципалдык кызмат ордуна төмөнкү ченемдик-укуктук актыларды милдеттүү түрдө билүү:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Конституциялык мыйзамы;
3. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамы;
5. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы;
6. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамы;
7. Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамы;
8. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Мыйзамы;
9. Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамы;
10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча" типтүү нускама.
11. Кыргыз Республикасынын «Электрондук башкаруу жөнүндө».

**Улук топтогу административдик муниципалдык кызмат ордуна төмөнкү ченемдик-укуктук актыларды милдеттүү түрдө билүү:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Мыйзамы;
3. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы;
4. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамы;
5. Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамы;
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча» типтүү нускама.
7. Кыргыз Республикасынын «Электрондук башкаруу жөнүндө».

**Кенже топтогу административдик муниципалдык кызмат ордуна төмөнкү ченемдик-укуктук актыларды милдеттүү түрдө билүү:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы;
3. Кыргыз Республикасынын «Электрондук башкаруу жөнүндө».

**Башкы топтогу административдик муниципалдык кызмат ордуна төмөндөгү типтүү квалификациялык талаптар белгиленет:**

**Башчынын орун басары - жооптуу катчы (Б-А)-1 штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**

- жогорку кесиптик билими;

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 3 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш стажы;

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө», «Аксакалдар соттору жөнүндө», «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**

- иштин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана стратегиялык пландарды иштеп чыгуу;
- түзүмдүк бөлүмдөрдүн көйгөйлөрүн талдоо, болжолдоо, жалпылоо, мониторинг жүргүзүү, контролдоо жана аларды чечүүдө жаңы ыкмаларды интеграциялоо;
- башкаруучулук чечимдерди ыкчам кабыл алуу жана алардын натыйжалары үчүн жоопкерчилик тартуу;
- кызыкчылыктардын кагылышына алып келүүчү көйгөйлүү кырдаалдарды өз убагында аныктоо жана чечүү;
- коюлган милдеттерди чечүүдө новатордук ыкмаларды колдонуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издөө;
- өзүнүн ишин жана түзүмдүк бөлүмдүн ишин натыйжалуу пландоо;
- ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү;
- чыр-чатактуу кырдаалдарды жөнгө салуу;

**Көндүмдөрү:**

- аналитикалык жана стратегиялык документтерди иштеп чыгуу;
- түзүмдүк бөлүмдү башкаруу (баш ийген кызматкерлердин ортосунда тапшырмаларды жана милдеттерди сарамжалдуу бөлүштүрүү, мамлекеттик органдын жетекчилигинин стратегиялык максаттарын жана көз караштарын өзүнө баш ийген кызматкерлерге сапаттуу жеткирүү, башкаруучулук чечимдерди ыкчам даярдоо, кабыл алуу жана ишке ашыруу, иштин жаңы формаларын жана методдорун издөө);
- маалыматты талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;
- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды тажрыйбада колдонуу;
- натыйжалуу өз ара мамилелерди түзүү, кеңешмелерди, жолугушууларды өткөрүүнүн, элдин алдында сүйлөөнүн ыкмаларын билүү, мамлекеттик жана расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Улук топтогу административдик муниципалдык кызмат ордуна төмөндөгү типтүү квалификациялык талаптар белгиленет:**

**Финансы-экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы (У-А) – 1 штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**

- төмөнкү чөйрөдөгү билим: Экономика жана финансы, Бухгалтердик эсеп жана аудит, салыктар жана салык салуу жаатындагы жогорку билим;

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 1 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы;

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын Салык кодекси, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатуулар жөнүндө», «Бухгалтердик эсеп жөнүндө»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**

- маалыматты жыйноо, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо, аналитикалык документтерди даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана практикада колдонуу;
- кесиптештер менен натыйжалуу кызматташуу;
- иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- эмгектин жаңы шарттарына адаптациялашуу;

**Көндүмдөрү:**

- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды тажрыйбада колдонуу;
- ишти пландоо жана жумуш убактысын туура бөлүштүрүү;
- башкаруучулук чечимдерди ыкчам ишке ашыруу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Инвестицияны тартуу жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча башкы адис ( С-Б) – 1 штат**

1. **Кесиптик билим деңгээли:**
   - төмөнкү чөйрөлөрдөгү жогорку билим: Экономика жана финансы, Бухгалтердик эсеп жана аудит;
2. **Стажы жана иш тажрыйбасы:**
   - мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 1 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы;
3. **Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, «Мамлекеттик сатуулар жөнүндө» жана «Бухгалтердик эсеп жөнүндө»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**

- маалыматты жыйноо, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо, аналитикалык документтерди даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана практикада колдонуу;
- кесиптештер менен натыйжалуу кызматташуу;
- иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- эмгектин жаңы шарттарына адаптациялашуу;

**Көндүмдөрү:**

- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды тажрыйбада колдонуу;
- ишти пландоо жана жумуш убактысын туура бөлүштүрүү;
- башкаруучулук чечимдерди ыкчам ишке ашыруу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Киреше салыгы боюнча башкы адис ( У-Б) - 1штат**

1. **Кесиптик билим деңгээли:**
   - төмөнкү чөйрөлөрдөгү билим: Экономика жана финансы, Бухгалтердик эсеп жана аудит, салыктар жана салык салуу жаатындагы жогорку билим;
2. **Стажы жана иш тажрыйбасы:**
   - мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 1 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы;
3. **Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын Салык жана Салык эмес кирешелер жөнүндө кодекси;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

Билгичтиги:

- маалыматты жыйноо, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо, аналитикалык документтерди даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана практикада колдонуу;
- кесиптештер менен натыйжалуу кызматташуу;
- иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- эмгектин жаңы шарттарына адаптациялашуу;

Көндүмдөрү:

- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды тажрыйбада колдонуу;
- ишти пландоо жана жумуш убактысын туура бөлүштүрүү;
- башкаруучулук чечимдерди ыкчам ишке ашыруу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Жер маселелери боюнча башкы адис ( У-Б) – 1 штат**

1. **Кесиптик билим деңгээли:**
   - төмөнкү чөйрөлөрдөгү жогорку билими: геодезия жана жерге жайгаштыруу, архитектура, айыл чарба, агрономия, картография, юриспруденция, курулуш, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу жаатындагы билим;
2. **Стажы жана иш тажрыйбасы:**
   - мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 1 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы;
3. **Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жөнүндө», «Жайыттар жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобо»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**

- маалыматты жыйноо, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо, аналитикалык документтерди даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана практикада колдонуу;
- кесиптештер менен натыйжалуу кызматташуу;
- иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү;
- эмгектин жаңы шарттарына адаптациялашуу;

**Көндүмдөрү:**

- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды тажрыйбада колдонуу;

- иштн пландоо жана жумуш убактысын туура бөлүштүрүү;
- башкаруучулук чечимдерди ыкчам ишке ашыруу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Кенже топтогу административдик муниципалдык кызмат ордуна төмөндөгү типтүү квалификациалык талаптар белгиленет:**

**Социалдык суроолор боюнча жетектөө адис ( К-А)-1 штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**
- жогорку же орто кесиптик билим, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, педагогикалык жана саламаттык сактоо багыттары боюнча;

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**
- кенже кызмат орундары - иш стажына талаптар коюлбайт;

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**
- жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;
- документтерди, маалыматтарды, суроо-талаптарга жоопторду сапаттуу даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана аны практикалык иште колдонуу;
- кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландоо;
- жарандардын кайрылууларын карoo жана жоопторду даярдоо;
- мамлекеттик жана/же расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу;
- командада иштөө;

**Көндүмдөрү:**
- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана практикада колдонуу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Чыгаша боюнча жетектөөчү адис ( К-А)-1 штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**
- жогорку же орто кесиптик билим: Экономика жана финансы, Бухгалтердик эсеп жана аудит, салыктар жана салык салуу жаатындагы билим;

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**
- кенже кызмат орундары - иш стажына талаптар коюлбайт.

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

Билим:
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, «Бухгалтердик эсеп жөнүндө»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**
- жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;
- документтерди, маалыматтарды, суроо-талаптарга жоопторду сапаттуу даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана аны практикалык иште колдонуу;
- кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландоо;
- жарандардын кайрылууларын карoo жана жоопторду даярдоо;
- мамлекеттик жана/же расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу;
- командада иштөө;

**Көндүмдөрү:**
- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана практикада колдонуу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Жер маселелери жана муниципалдык менчик боюнча жетектөөчү адис (К-А) – 1 штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**
- жогорку же орто кесиптик билим: геодезия жана жерге жайгаштыруу, архитектура жана курулуш, айыл чарба, юриспруденция, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багыттары боюнча.

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**
- кенже кызмат орундары - иш стажына талаптар коюлбайт.

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамы;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**
- жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;
- документтерди, маалыматтарды, суроо-талаптарга жоопторду сапаттуу даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана аны практикалык иште колдонуу;
- кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландоо;
- жарандардын кайрылууларын карoo жана жоопторду даярдоо;
- мамлекеттик жана/же расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу;
- командада иштөө;

**Көндүмдөрү:**
- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана практикада колдонуу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Социалдык суроолор боюнча адис ( К-Б)-1 штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**
- жогорку же орто кесиптик билим;

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**
- кенже кызмат орундары - иш стажына талаптар коюлбайт

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө»;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик же расмий тилди билүү.

**Билгичтиги:**
- жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;
- документтерди, маалыматтарды, суроо-талаптарга жоопторду сапаттуу даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана аны практикалык иште колдонуу;
- кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландоо;
- жарандардын кайрылууларын карoo жана жоопторду даярдоо;
- мамлекеттик жана/же расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу;
- командада иштөө;

**Көндүмдөрү:**
- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана практикада колдонуу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Киреше салыгы боюнча адис (К-Б) - 1штат**

**1. Кесиптик билим деңгээли:**
- жогорку же орто кесиптик билим: Экономика жана финансы, Бухгалтердик эсеп жана аудит, салыктар жана салык салуу жаатындагы билим;

**2. Стажы жана иш тажрыйбасы:**
- кенже кызмат орундары - иш стажына талаптар коюлбайт;

**3. Профессионалдык компетенциялар:**

**Билим:**
Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын «Салык» кодекси, Кыргыз Республикасынын «Салык эмес кирешелер жөнүндө» кодекси;
кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик тилди билүү.

**Билгичтиги:**
- жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;
- документтерди, маалыматтарды, суроо-талаптарга жоопторду сапаттуу даярдоо;
- тиешелүү чөйрөдөгү ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо жана аны практикалык иште колдонуу;
- кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландоо;
- жарандардын кайрылууларын карoo жана жоопторду даярдоо;
- мамлекеттик жана/же расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу;

**Көндүмдөрү:**
- ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана практикада колдонуу;
- компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Тандоого катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылат:**
- жеке арыз;
- конкурсту өткөрүү жөнүндө кулактандырууга тиркелген форма боюнча резюме;
- негизги жана кошумча билимин тастыктаган документтердин нотариустан же акыркы иштеген жеринен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;
- нотариустан же акыркы иштеген жеринен күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- илимий даражаны жана илимий наамды ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү (бар болсо);
- паспорттун көчүрмөсү (түп нускасы конкурска келгенде көрсөтүлөт);
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү.

**Сынакка катышуу үчүн бардык калоочуларга жогорудагы көрсөтүлгөн иш кагаздарын көктөмөгө көктөп, 2025-жылдын 22-июлунан тартып 31-июлга чейин төмөнкү дарек боюнча тапшыруу керек: Чүй облусу, Ысык-Ата району, Нурманбет айыл аймагы, Красная Речка айылы, Октябрь көчөсү №65.**

Сурап билүү үчүн
0700 86-46-51 телефонуна
кайрылсаңар болот.



# ТООЛОРУ АСМАН ТИРЕГЕН ТОГУЗ-ТОРО

**Кийинки мезгилде өлкөбүздүн баардык аймактары өнүгүүгө бет алды. Биз гезитибиздин бул санында Тогуз-Торо району жана административдик-аймактык реформадан кийинки райондогу айыл өкмөттөрү тууралуу маалыматтарды беребиз.**

Тогуз-Торо району – Жалал-Абад облусуна караштуу административдик-аймактык бирдик. Өлкөбүздүн түштүк батышынан орун алып, 3932,8км2 аянтты ээлейт. Район 1935-жылы уюшулган. 1962-жылы Тогуз-Торо жана Ак-Талаа райондору биригип, 1966-жылы кайра өз-өзүнчө бөлүнгөн. Аймак тоолуу келип, деңиз деңгээлинен 1200-2000 м бийиктикте жайгашкан. Түндүгүнөн Нарын облусунун Жумгал, чыгышынан Ак-Талаа райондору, түндүк – батышынан Жалал-Абад облусунун Токтогул, батышынан Базар-Коргон, Сузак райондору, түштүгүнөн Ош облусунун Өзгөн району менен чектешет. Борбору-Казарман кыштагы. Район республиканын борбору Бишкек шаарынан 463 км, облустун борбору - Жалал-Абад шаарынан 150 км аралыкта. Анын аймагы аркылуу Казарман-Бишкек, Казарман-Жалал-Абад, Жалал-Абад-Казарман-Балыкчы автомобиль жолу өтөт.

**2025-жылдын жыйынтыгы менен негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөргө жетишүү**

**2025-жыл ичинде экономика секторлорунун өсүү темптерин камсыз кылуу**
Өнөр жай (ФКИ) – 120,0%
Айыл чарбасы – 105,0%
Капиталдык салым – 120,0%
Бюджеттин киреше бөлүгү – 120,0%



**“Аракет” аталышындагы Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын реабилитациялык борборуна жаңы имаратынын курулушун бүткөрүү. Долбоордун баасы 14 220,2 миң сом**



**Мамлекеттик мүлктү туура пайдаланып жана республикалык бюджетке каражат түшүрүү максатында райондун балансына алынган мүлктөрдү капиталдык ремонттон өткөрүп ишкерлерге ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү**



**Тогуз-Торо районунун борбору Казарман айылынын Т.Кожалиев көчөсүнө тышкы инвесторлор менен биргеликте 2400 кв.м соода борборун куруу**



**Тогуз-Торо районундагы №1 Тоту Мойдунов атындагы Макмал жалпы билим берүү орто мектебинин аймагынын жаңы билим борборунун имаратын салуу тышкы инвесторлор менен биргеликте.**



**Көчөлөрдү жана Нур-Жайык микрорайонундагы көп кабаттуу үйлөрдүн сыртын жасалгалоо иштерин улантуу**



**Тогуз-Торо районуна Эко-парк салуу**



**Атай айылындагы “Жеткинчек” балдар бакчасынын курулушуКаржылоо булагы – Республикалык бюджет 62 543,2 миң сом.**



**Арал айылындагы Айзирек бала-бакчасынын курулушу-Каржылоо булагы – Республикалык бюджет 41003,9 миң сом**



**Дөдөмөл айылындагы 70 орундуу "Нарисcategory" балдар бакчасынын жаңы имаратын куруу долбоорун баштоо. Сметалык баасы - 49 818,9 миң сомду түзөт**



**Карл-Маркс айылындагы 225 орундуу №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүү орто мектебинин курулушу. Каржылоо булагы Кыргыз Республикасынын Президентинин фонду тарабынан жалпы сметалык баасы 136 000,0 миң сом**

**Курулушу токтоп турган социалдык обьектилердин курулуштарын улантуу боюнча иш алып баруу**
1. Каргалык айыл өкмөтүнүн Казарман айылындагы №2 А.Абдраимов атындагы мектептин спортзалынын курулушу;
2. Каргалык айыл өкмөтүнүн Табылгыты айылындагы Э.Касымалиев орто мектебинин спорт залынын курулушу.



**КАЗАРМАН АЙЫЛЫНА ЗАМАНБАП АЗС КУРУУ**
Казарман айылына заманбап АЗС куруу боюнча долбоору даярдалып, «Партнер Нефть» ЖЧКсы менен макулдашуу түзүлүп, иш башталды.

## Резюме



## МУРАТАЛИЕВ МАНАС МАНАПБЕКОВИЧ

Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун мамлекеттик администрация башчысы – акими Мураталиев Манас Манапбекович 1983-жылы 25-январда Нарын облусунун Нарын шаарында туулган, 42 жашта. 2005-жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин бухгалтердик учет жана аудит адистиги боюнча аяктаган. 2004-2009-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында эксперт, төраганын жардамчысы, жогорку адис, башкы адис, 2009-жылы «Эл аралык толеранттуулук» коомдук фондунда кичүү аналитик, 2009-2011-жылдары Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын жалпы бөлүмүндө башкы адис, 2011-2012-жылдары Новопавловка айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу, 2012-жылы Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын экономика, өнөр жай жана курулуш бөлүмүндө бөлүм башчы, 2012-2013-жылдары кайрадан Новопавловка айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу, 2013-жылы кайрадан Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын экономика, өнөр жай жана курулуш бөлүмүндө бөлүм башчы, 2013-2017-жылдары Камышановка айыл өкмөтүнүн башчысы, 2017-жылы Токмок жылуулук муниципалдык ишканасынын директору, 2017-жылы Фрунзе айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу, 2018-жылы Чүй райондук мамлекеттик статистика башкармалыгынын өнөр жай, транспорт, коммуникациялар жана эмгек бөлүмүнүн башкы адиси, 2018-2019-жылдары Бишкек ЭЭАнын аппарат жетекчиси, 2019-2020-жылдары Келечек мамлекеттик ишканасынын директору, 2020-2023-жылдары Бишкек ЭЭАнын директорунун орун басары болгон. 2023-жылдын 14-июнь айынан тартып Тогуз-Торо районунун мамлекеттик администрация башчысы – акими кызматын аркалоодо.

Мамлекеттик жарандык кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси класстык чинине ээ.



**ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ**
«Тохно Солар» ЖЧКсы менен биргеликте райондун аймагына 30 га жер аянтына кубаттуулугу 10МВт болгон «Тогуз-Торо» күн электр станциясын куруу иштерин баштоо. Долбоордун болжолдуу баасы 3 млн АКШ доллар



**ӨНДҮРҮШ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮ**
«Аврора-Тур» ЖЧКсы менен биргеликте Тогуз-Торо районунун аймагына бетон заводун куруу иштерин жүргүзүү

# АТАЙ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Жалал-Абад областынын Тогуз-Торо районунун Атай айыл аймагынын айыл өкмөтү 29-декабрь 2023-жылдагы Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" №370 Жарлыгына ылайык 2024-жылдын 25-мартында Атай айыл аймагынын айыл өкмөтү болуп түзүлгөн. Нарын дарыясы жана Көк-Арт суулары менен күн чыгыш тарабынан Көк-Ирим , Фергана тоо кыркалары , Чаар-Таш тоолору менен түндүк батыш тарабынан чектелет. Көк-Ирим айыл аймагынын ортосунан Көк-Ирим, Колбоор суулары агып өтөт. Айыл аймагында 4 айыл - Арал, Атай, Бирдик, Карл Маркс айылдары жайгашкан. Айыл аймак райондон 18 км алыстыкта, облустан 142 км, борбордон алыстыгы 580 км. Аралыкта жайгашкан. Территориясынын жалпы аянты - 82166 га. Атай айыл өкмөтү деңиз деңгээлинен 1600 метр бийиктикте жайгашып, климаты кескин-континенталдык, кыш мезгили 5-6 айга созулуп, жааган кардын бийиктиги тоо этектеринде 1,5-2 м ге чейин жетет. Абанын эң төмөнкү температурасы -40$^0$С, жогору температурасы 40$^0$С түзөт.

Айыл аймагынын жалпы калкынын саны – 6511 адам, этникалык курамы: кыргыздар - 100 %, башка улуттар жок, Аялдар - 3137, эркектер - 3374. Жалпы 1227 түтүн. Убактылуу жашабагандар 1251.



## Резюме

### ЖАНЫБАЕВ АСКЕРБЕК КАРЫПБЕКОВИЧ

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Жаңыбаев Аскербек 1970-жылы 23-июнда Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл аймагынын Казарман айылында туулган. 2005-жылы Арабаев атындагы КМУну тарых адистиги боюнча бүтүргөн. 1987-1992-жж. Атай совхозунда бригадир, 1992-2016-жж. Жантөрө дыйкан чарбасынын жетекчиси, 2016-2021-жж. "Козен" ЖЧКсынын башка директору болгон. 2021-жылдын 28-июнунан тартып "Атай" айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалоодо.

# КАРГАЛЫК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтү түндүк тарабынан Нарын облусунун Жумгал району, батышынан Жалал-Абад облусунун Токтогул району, Атай айыл аймагы, чыгышынан Тогуз-Торо айыл аймагы, түштүктөн Жалал-Абад облусунун Сузак айыл аймагы менен чектешет. Деңиз деңгээлинен минималдуу жана максималдуу бийиктик- 1200-2000 м. Айыл аймагында Казарман, Чет-Булак, Макмал, Кара-Суу, Табылгыты, Ленин айылдары жайгашкан. Туруктуу калктын 1-апрелге карата саны 16670 адам.



## Резюме

### АБДРАХМАНОВ БЕРДИБЕК МАМАТЖАНОВИЧ

Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Абдрахманов Бердибек Маматжанович 1984-жылы 6-октябрда төрөлгөн. 2006-жылы ОшМУну юриспруденция адистиги боюнча бүтүргөн. 2006-2011-жж. Абшыр-Сай ишканасында директордун орун басары, 2011-2012 –жж. Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаардык сотунда сот отурумунун катчысы, 2012-2015-жж. К.Асранов атындагы орто мектебинде директордун чарба иштери боюнча орун басары, 2015-ж. Кызыл-Кыя шаардык сотунун судьясынын жардамчысы, 2015-ж. Соттук аткаруучулар кызматынын Ноокат райондук бөлүмүнүн соттук аткаруучусу, 2015-2017-жж. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу системасында адис, 2019-2021-жж. Соттук аткаруучулар кызматынын Ноокат райондук соттук аткаруучулар бөлүмүнүн адиси, 2023-ж. Катта-Талдык айыл өкмөтүнүн башчысы, 2024 – 2025-жж. Чүй облусунун Чүй районундагы Султан Ибраимов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы болгон. 2025-жылдын 29-майынан баштап Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтүн жетектеп келет.

Кыргыз, орус, англис, өзбек, казак тилдерин билет.

# ТОГУЗ-ТОРО АЙЫЛ ӨКМӨТҮ


Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөтү деңиз деңгээлинен 2070 м бийиктикте жайгашкан. Негизинен тоолуу аймак. Айыл аймагынын айыл өкмөтү күн чыгыш тарабынан Жумгал, Ак-Талаа райондору, батыш-түндүк тарабынан Каргалык айыл өкмөтү менен чектешет. Облустун борборунан 145 км, республиканын борборунан 320 км алыстыкта турат. Облустун борбору менен транспорттук жол катнашы ашуу аркылуу болгондуктан жыл боюу 8-9 ай жол катнаш токтоп, Бишкек аркылуу 1160 км аралыкты басып өтүүгө тура келет.



## Резюме

### ЖАРБАШОВ АЛТЫНБЕК ТУРДУБЕКОВИЧ

Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн башчысы Жарбашов Алтынбек Турдубекович 1983-жылы 30-январда Тогуз-Торо районунун Казарман айылында туулган. 2006-жылы Ош мамлекеттик университетин математика жана информатика мугалими адистиги, 2009-жылы КР Президентинин алдындагы Башкаруу Академиясын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу боюнча магистр жаатында аяктаган. 2002-2003-жж. Макмал орто мектебинде оператор информатик, 2003-2006-жж. Кара-Суу орто мектебинде математика, информатика мугалими, 2006-2008-жж. райондук билим берүү бөлүмүндө инспектор, 2008- 2009-жж. райондук мамлекеттик администрациясында башкы адис, 2009-ж. райондук мамлекеттик администрациясында системдик администратор, 2009-2010-жж. КР Президентинин Башкаруу Академиясында угуучу, 2010-2011-жж. райондук мамлекеттик администрациясында системдик администратор, 2011-2015-жж. КР БШКнын Тогуз-Торо АШКдагы өкүлчүлүгүндө системдик администратор, 2015-2018-жж. райондук мамлекеттик администрациясында сектор башчы, 2018-2022-жж. №13 М.Жаңыбаева атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде директор, 2022-2023-жж. Сары-Булуң айыл өкмөтүндө жооптуу катчы, 2023-2024-жж. Каргалык айыл өкмөтүндө айыл өкмөт башчысынын орун басары, 2024-2025-жж. Каргалык айыл өкмөтүндө айыл өкмөт башчысынын орун басары-жооптуу катчы болгон. 2025-жылдын 25-февралынан тартып Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалоодо. Үй бүлөлүү, 2 уул, 2 кыздын атасы. Класстык чини - муниципалдык кызматтын 3-класстагы кеңешчиси.



**АК-КҮП КАНАЛЫН САЛУУ БОЮНЧА ИШТЕРДИ ЖҮРГҮЗҮҮ**

Каналдын жалпы узундугу 20,9 км, ал эми ички каналдарынын жалпы узундугу 66,06 км түзүп, 2456 га жер аянты сугат суу менен камсыз кылат. Долбоордун болжолдуу наркы 800-850 млн сом.



**КАРГАЛЫК АЙЫЛ ӨКМӨТҮНӨ ТИЕШЕЛҮҮ ЗРК КАРА-ТАЛАА КАНАЛЫНЫН КУРУЛУШ ИШТЕРИН УЛАНТУУ**

Каналдын узундугу 3090,8 м. Долбоордун наркы 52 937,0 миң сом. 5 000,0 миң сом акча каражаты каржыланып, курулуш иштери башталды. Долбоор ишке ашса 450 га. жер аянты сугат суусу менен камсыз болот.



Жайыттарды жакшыртуу, жашылдандыруу максатында коомчулук менен активдүү иш алып баруу.

Атай айыл өкмөтүнүн аймагына Кыргыз Республикасынын токойлорго жана жайыттарга климаттык инвестиция аркылуу көмүртектин секвестрациясы (CS-FOR)" ФАО-ЗКФ долбоорунун алкагында иш алып баруу.





**БЕККАРИ ЧУҢКУРЧАЛАРЫ БОЮНЧА:**

- Каргалык айыл аймагындагы беккари чуңкурчасын толук кандуу бүткөрүү;- Тогуз-Торо жана Атай айыл аймактарына беккари чуңкурчаларын куруу.



**2025-ЖЫЛ ИЧИНДЕ ТАЗА СУУ БОЮНЧА**

- Кош-Булак, Өрнөк айылдарына таза суу чыгаруу:
- Арал-Бирдик айылдарына таза суу чыгаруу боюнча иш алып баруу
- Табылгыты айылынан Казарман айылына таза суу тартып келүү долбоорун даярдоонун алкагында иш алып баруу.



**2025-ЖЫЛ ИЧИНДЕ ЖОЛДОРДУ ОҢДОО ИШТЕРИ БОЮНЧА**

2025-жылдын ичинде жол тармагы боюнча төмөндөгү иштерди жүргүзүү аракеттери көрүлүүдө:

Айылдар аралык 14 км аралык жолго ысык асфальт басуу

Айылдардын ички жолдорунан 5 км аралык жолдорго асык асфальт басуу Ички жолдордун жээктерине 2 км аралыкка тротуар салуу.

# ОБЪЯВЛЯЕТСЯ КОНКУРС ПО КУРСУ «EARLY CHILDHOOD DEVELOPMENT (РАННЕЕ РАЗВИТИЕ РЕБЕНКА)», КОТОРЫЙ БУДЕТ ПРОВОДИТЬСЯ НА АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ В ЯПОНИИ С 6 НОЯБРЯ ПО 6 ДЕКАБРЯ 2025



Крайний срок подачи заявок кандидатами в Министерство финансов: **11 августа 2025 г. *без возможности продления.**

Если у вас есть подходящие кандидатуры (организации), просьба поделиться данной информацией. Также настоятельно просим направлять своим партнерам и кандидатам не только общую информацию, но и весь пакет документов для заполнения.

